***УДК: 316.6***

***Н. Сулейманова,*** *социолог*
*Кыргыз-Түрк "Манас" университети*
*Гуманитардык факультет*
*nur_skg@yahoo.com*

# КЫРГЫЗ КООМУНДАГЫ СОЦИАЛДЫК-ПСИХОЛОГИЯЛЫК ИДЕНТТҮҮЛҮКТҮН АБАЛЫ

# СОСТОЯНИЕ СОЦИАЛЬНО-ПСИХОЛОГИЧЕСКОЙ ИДЕНТИЧНОСТИ В КЫРГЫЗСКОМ ОБЩЕСТВЕ

# STATUS OF SOCIAL-PSYCHOLOGICAL IDENTITY IN THE KYRGYZ SOCIETY

***Аннотация:*** *Иденттүүлүк маселеси XX кылымда философия, социология, психология жана маданият таануу илимдеринде негизги көйгөйлөрдүн бирине айланды. Азыркы учурда иденттүүлүк термини өзгөчө мааниге ээ болуп, бул түшүнүк дүйнө таанымдын ачкычына айланып, социогуманитардык илимдеги концептуалдык боштукту толтурууда.*

*Бул макалада иденттүүлүк түшүнүгүнүн көп кырдуулугу жана тааталдыгы тууралуу илимий теориялык маалыматтар берилет. Иденттүүлүк түшүнүгүнүн жаралышы, социогуманитардык илимдерде изилдениши тууралуу маалыматтар обзордук анализге алынат.*

*Жогоруда айтылгандай, иденттүүлүк түшүнүгү көп кырдуу болгондуктан, бул макалада иденттүүлүктүн инсанга тиешелүү багыты каралат. Инсан түшүнүгү дагы өтө татаал жана динамикалык түшүнүк болгондуктан инсандын иденттүүлүгүндөгү социалдык-психологиялык абалына көбүрөөк токтолобуз. Окумуштуулар тарабынан инсандык иденттүүлүккө карата берилген, аныкталган теориялык илимдерин эмпирикалык изилдөөнүн жыйынтыгы менен талдоого алынат. Инсандык иденттүүлүктүн социалдык-психологиялык абалы кыргыз коомунун мисалында анализденет.*

*Жыйынтыгында ааламдашуу процесси кыргыз коомуна оң жана терс таасирин тийгизип жатканы ачык байкалууда. Ушул ааламдашуу процессинин натыйжасында кыргыз коому бир топ өзгөрүүлөргө учурады. Өзгөчө коомдун социалдык-психологиялык абалындагы өзгөрүүлөр өлкөдөгү социалдык-экономикалык маселелердин толук чечилбей жатканынан кабар берет, ошондой эле социалдык маселелер маданий жана улуттук иденттүүлүктүн калыптанышында дагы маанилүү таасири бар экениндиги билинди.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *иденттүүлүк, кыргыз коому, идентешүү, социалдык-психологиялык абал, инсан.*

***Аннотация:****Проблема идентичности в XX веке превратилась в одну из основных проблем философии, социологии, психологии и культурологии. В настоящее время термин "идентичность" стала одним из ключевых моментов в восприятии мира, он также заполняет концептуальный вакуум в социогуманитарной науке.*

*В данной статье даются теоретические знания о разносторонности и сложности понятия "идентичность". Рассматривается возникновение понятия идентичности, проводится обзорный анализ по изучению данного понятия, степень изученности в социогуманитарных науках.*

*Как вышеупомянуто, идентичность многостороннее понятие, поэтому в рамках данной статьи акцент будет сделан на личностный аспект. Понятие личности отличается сложностью, динамичностью и здесь фокус анализа будет направлен на социально-психологическое состояние личности. Теоретические*

*знания относительно идентичности личности будут закреплены и проанализировны на основе эмпирических данных. Социально-психологическая идентичность личности будет расскрыта на примере кыргызского общества.*

*В результате стало известно, что процесс глобализации и негативно, и позитивно влияет на развитие кыргызского общества, произошли существенные изменения. Особенно изменения, происходящие в социально-психологическом состоянии страны, объясняется тем, что не до конца разрешены социально-экономические проблемы. Также стало известно, что социальные проблемы серьезно влияют на формирование культурной и национальной идентичности.*

***Ключевые слова:** идентичность, кыргызское общество, идентификация, социально-психологическое состояние, личность.*

***Abstract.** The problem of identity in the XX century has turned into one of the main problems of philosophy, sociology, psychology and cultural studies. At present the term "identity" has become one of the key moments in the perception of the world filling the conceptual vacuum in social and humanitarian science.*

*In this paper the theoretical knowledge about the versatility and complexity of the concept of "identity" has been given. The origin of the concept of identity has been considered; the analysis of the concept has been made, defining the level of study in social-humanitarian sciences.*

*As mentioned above, identity is a multilateral concept, therefore within the framework of this paper the emphasis will be placed on the personal aspect. The concept of personality is complex, dynamic, and here the focus of analysis will be directed to the social-psychological state of the individual. Theoretical knowledge of the identity of a person will be fixed and analyzed on the basis of empirical evidence. Social-psychological identity of the person will be revealed on the example of the Kyrgyz society.*

*As a result, it became known that the process of globalization has both negative and positive impact on the development of the Kyrgyz society and there have been significant changes. Especially the changes taking place in the social-psychological state of the country are due to the fact that social-economic problems are not fully resolved. It also became known that social problems seriously affect the formation of cultural and national identity.*

***Key words:** identity, Kyrgyz society, identification, social and psychological state, personality.*

Иденттүүлүк маселеси XX кылымда философия, социология, психология жана маданият таануу илимдеринде негизги көйгөйлөрдүн бирине айланды. Азыркы учурда иденттүүлүк термини өзгөчө мааниге ээ болуп, бул түшүнүк дүйнө таанымдын ачкычына айланып, социогуманитардык билимдеги концептуалдык боштукту толтурууда.

Иденттүүлүк түшүнүгү көп кырдуу татаал концепт. Кайсы гана иденттүүлүк болбосун анын калыптанышында иденттешүү процесси маанилүү ролду ойнойт. Иденттешүү процесси жүрүп жатканда ага ички жана тышкы таасирлер болот. Ички жана таасирлер, процесстин өздүк табияты жуурулушуп отуруп иденттүүлүк түзүлөт.

Иденттүүлүк (лат. - *Identificare, identicus*) окшоштук, так өзүндөйлүк, бирдейлик, кебетелештик дегенди, башкача айтканда, бир нерсенин өзүнө теңдеш болгонун билдирет [1]. Ушул эле түшүнүккө француз философу Поль Рикер төмөнкүдөй аныктама берет: "Бирдейлик же окшоштук сөзү өздүк түшүнүгү менен тыгыз байланышат. Бирдейлик же окшоштук түшүнүгүнүн карама-каршылыгы ар түрдүүлүктү билдирет. Иденттешүү процесси ар түрдүүлүктөн бөлүнүп, окшош процесстердин топтолушу менен түшүндүрүлөт. Ар түрдүүлүктүн ичинен бирдейликти ажыратуу аркылуу иденттүүлүк аныкталат. Иденттүүлүк кандайдыр бир мезгилдин аралыгындагы үзгүлтүксүз, туруктуу жана бекем сакталган процесстин жыйынтыкталган аныктамасы катары түшүндүрүлөт" [Рикер, http://royallib.com/book/riker_p/povestvovatelnaya_identichnost.html].

Бул этимологиялык тамырларга караганда, иденттүүлүк жана бирдейлик бири-биринин ордуна колдонулган түшүнүктөр катары кабыл алынган болуш керек. Бирдейлик болгон жерде иденттүүлүк да болбой койбойт, ал эми иденттүүлүк болгон жерде бирдейлик да орун алганын толук ишенимдүү айтса болот.

Иденттүүлүктүн түзүлүшү, пайда болушу, калыптанышы үчүн коомдо адамдардын ортосундагы социалдашуу, карым-катнашта болуу, пикир алышуу, мамиле түзүү сыяктуу аракеттер болушу кажет. Окшош аракеттердин, жакын мамилелердин, пикирлештердин, мамилелештердин жыйындысынан иденттүүлүк келип чыгат. Иденттүүлүктүн калыптанган мамилелик жолу маданияттын бир түрүн жаратат.

Иденттүүлүк ар кыл тармакта ар түрдүүчө аныктамага ээ болгон кеңири түшүнүк. Адабияттарда эң кеңири колдонулган аныктамасы инсандын "мен киммин, кимге, кайсы топко таандыкмын, кимге окшош жана кимге жакындыгым бар?" сыяктуу суроолорго берген жообу болуп эсептелет. Иденттүүлүк – индивиддин физикалык, руханий, социалдык жана психологиялык жактан бири-бирине шайкеш өнүгүүсүнүн натыйжасында калыптанып, индивиддин жөндөмдүүлүктөрүн, руханий дүйнөсүн, диний ишенимдерин, негизи эле бүтүндөй жашоосун камтыган татаал түзүлүш. Бул түзүлүш канчалык деңгээлде жакшы түзүл-

гөн болсо индивид өзүнүн өзгөчөлүктөрүн жана уникалдуулугун ошончолук жакшы тааный алат [2]. Бул макалада иденттүүлүктүн инсанга тиешелүү тарабы каралат. Инсандык иденттүүлүк тууралуу сөз баштап жатып, биз дароо бул кубулуштун айланасында болгон теориялык жана эмпирикалык көйгөйлөрдүн үстүнө токтолобуз.

Иденттүүлүк маселеси – инсандын (личность) өздүк биримдигинин маселеси болуп саналат, демек бул философиялык маселе. Ошол эле учурда, бүгүнкү күндө иденттүүлүккө философиялык жактан маани берүү дисциплиналар аралык көз карашты көптөн-көп талап кылат, анын алкагында социомаданий, экономикалык, саясий жана психологиялык факторлордун толук топтомун жана алардын иденттүүлүккө тийгизген таасирин эске алуу мүмкүнчүлүгү берилет. Иденттүүлүк негизинен инсандын "өзүнүн" жан дүйнөлүк, социалдык жана маданий чектерин аныкталышын божомолдогон эң татаал концепт болуп эсептелет. Бүгүнкү күндө бул кубулуштун философиялык же психологиялык анализи гана жетиштүү эмес, анткени булар иденттүүлүк түшүнүгүнүн субстанциализациясы же биологизациясы менен бүтүшү мүмкүн [3.48.]. Ошондуктан, биз өзүбүздүн талдообузда проблеманын маңызын ачып көрсөтүүгө жана түшүнүктөрдүн маанисин белгилөөгө аракет кылып, инсанды курчап турган чөйрөсүндөгү таасирлерге көңүл бурдук.

Инсан бир эле учурда бир канча иденттүүлүккө ээ, ал өзүнүн ой жүгүртүүсүнө, жан дүйнөсүнө, билимине, жаш курагына, кесибине, жынысына, мартабасына, улутуна, динине, саясатына, маданиятына жакын же окшош адамдар менен бирге болууда кандайдыр бир жакындыкты, жагымдуу байланышты сезет.

Инсандын социалдуулугу конкреттүү жалпылыктарда: үй-бүлөдө, короодо, студенттик топто, профессионалдык жамаатта, мектепттеги курдаштар арасында, жоро-жолдоштор, достор жана туугандардын ичинде ишке ашырылат. Ушундай ар бир коомчулук үчүн өзүнүн нормалары, баалуулуктары, каада-салттары, приоритеттери, легендалары, үрп-адаттары, уламыштары, эски лакаптары мүнөздүү [4.79.]. Ошондуктан, маданият дайыма бир заттан жасалган бүтүндүк эмес, көп катмарлуу, көп деңгээлдүү бир бирикме катары пайда болот дагы өзү аркылуу бүткүл социалдык чындыкты алып жүргөн маңыздуу континуум катары ортого келип чыгат. Баалуулук-нормативдик түшүнүктөрдө бекитилген, белгилик-символдук кыртыш менен камтылган, социалдык аракеттешүүнүн жүрүшүндө чындыкка чыгарылган социалдык ишмердиктин бардык калыптанган формалары маданий чындыкта топтолгон.

Социалдык аракеттешүү маданияттын маңыздуу, символдуу мейкиндигине камтылган. Социалдык аракеттешүү процессинин өзү баарлашуу, белгилерди алмашуу болуп саналат. Социалдык түзүлүштү жөнгө салган социалдык аракеттешүүнүн ар бир элементи – кол кысышуудан баштап, кылмышкерди өлүм жазасына тартууга чейин – өзүнүн маданий, маңыздык аспектисине ээ болуп, белгилүү бир маданий белгилердин жол көрсөткүчү болуп берет [5.88.]

Ушул пикирге орус маданият таануучусу жана социологу Ксения Касьянова дагы кошуларын билдирет. Анын айтымында: "адам кандайдыр бир жүрүм-турум эрежесин же мамилелер системасын социалдык жактан керектүү деп тааныганда, алар адамдын аң-сезиминде мааниге карата болгон мамиле менен негизделген болушу зарыл" [6.38.]. Башкача айтканда, социалдык уюм кандайдыр бир баалуулукка негизделген, локалдык социалдык түзүлүштөрдүн кадоочторунун башын бириктирген ой-пикирлер, белгилер, белгилердин топтомдун тегерегинде түптөлөт.

Окумуштуулар социалдык иденттүүлүктө жекелик менен жамааттыктын ортосундагы тыгыз байланыш бар экендигин белгилешет. Жеке иденттүүлүк менен жамааттык иденттүүлүк бири-бирине карама-каршы келген, ошондой эле тыгыз байланыштагы процесстин жыйынтыгы. Социалдык иденттүүлүктө ар бир инсан өзүнүн кимдигин, топтук мүчөлүгүн аныктаган белгилүү бир социалдык мүнөзгө ээ. Демек, социалдык иденттүүлүк түшүнүгү инсан менен топтун ортосундагы дифференциациясы.

«Социалдык иденттүүлүк» түшүнүгү инсандар башка бир инсанды жаш курагы, кесип, жыныс же этникалык өзгөчөлүк деген жалпы социалдык категориялардын негизинде кантип аныктагандыгын түшүндүрөт. Бул - адамдын тигил же бул топко тиешелүүлүгүн түшүнүү деңгээлине жараша аныкталат.

Жогоруда айтылган теориялык маалыматтардан кийин эмпирикалык изилдөөнүн жыйынтыгына көңүл буралы.

"Цивилизация процессинде түрк дүйнөсүндөгү калктардын социалдык иденттүүлүгү: "Кыргызстандын мисалында" аттуу пилоттук изилдөө Кыргыз-Түрк "Манас" университети тарабынан 2012-2013-жылдары Кыргызстандын бардык аймактарында жүргүзүлүп, ага 2000 респондент катышты. Респонденттердин жаш курагы 18-60 жаштан жогору болду.

Изилдөөдө инсандык иденттүүлүктүн ар тарабын камтыган суроолор берилди. Бул макалада инсандык иденттүүлүктүн социалдык-психологиялык абалы гана каралды.

Алгачкы суроо кыргызстандыктардын турмуш пландары жана социалдык-психологиялык абалына байланыштуу болду. Респонденттерге өздөрүнүн социалдык-психологиялык абалын билдирген бир канча суроо тизмеги берилди. Буга күнүмдүк жашоо турмушунда кандай абалдарды жашап жаткандарын билүү максат катары коюлган. Респонденттер ар бир суроого «дайыма», «кээде» жана «эч качан» деп жооп бериши керек.

«Сиз өзүңүздүн социалдык-психологиялык абалыңызды кандай баалайсыз?» - деген суроого жалпы респонденттердин ичинен айлана-чөйрөсүндө болуп жаткан оорчулукту жеңе албагандыгы *дайыма* болорун 16,2%, *кээде болорун* – ***68,0%***, *эч качан* андай болбостугун 15,7%ы белгилешти. Область боюнча алып караганыбызда айлана-чөйрөсүндө болуп жаткан оорчулукта жеңе албаган учурлар *дайыма* болорун Нарын – 20,2%, Талас – 11,8%, Ысык-Көл – 8,5%, Ош – 15,1%, Жалал-Абад – 15,1%, Баткен – 13,2%, Чүй – 29,6%ды түздү. Ал эми ушул абал *кээде* болорун Нарын – 62,8%, Талас – 57,9%, Ысык-Көл – 74,4%, Ош – 72,2%, Жалал-Абад – 74,0%, Баткен – 67,8%, Чүй – 53,5%ды түздү. *Эч качан* мындай абалды болбойт деген жогорку көрсөткүч бир гана Талас областын-

да 30,3%ды түздү, калган областарда 20% жетпеген үлүштү көрсөтүштү.

«Өзүңүздүн жетишкендиктериңизге сыймыктануу» сезими кандай экенин сураганыбызда жалпы респонденттердин 43,2% *дайыма* болорун белгилешсе, *кээде* гана болорун 50,2% белгилешти, ал эми 6,6% бул сезимдин *эч качан* болбостугун билдиришти. Булардын ичинен бардык жаш куректарда дээрлик жарымына жакыны позитивдүү маанайда «*дайыма* жана *кээде*» деген жоопторду билдиришти. Ал эми *эч качан* деген жоопту тандаган респонденттердин катыштык үлүшү 10% жеткен жок. Мындан белгилей кетчү жагдай, 18-29 жаш куректагы респонденттердин ичинен *эч качан* деген жоопту 4,7% гана тандаган. Бул төмөнкү көрсөткүч алардын жашоодогу позитивдүү экенинен кабар берет.

Күнүмдүк иштерге алымсынбоо, туталанып жүрүү абалы респонденттердин 14,8% *дайыма* болсо, **69,4%** *кээде* болот, ал эми 15,9% *эч качан* болбойт. Бул жердеги кээде деген жоопту тандаган респонденттердин катыштык үлүшү абдан жогору. Демек, социалдык-психологиялык абалы аларды канааттандырбайт, инсандардын жашоодон күткөн ой-тилек, максаттары жогору, жашоого карата көз караштары бийик, бирок объективдүү жана субъективдүү шарттардан улам көп учурларда аткара албай калган же аткарылбай калган учурлар көбүрөөк кездешери байкалды. Респонденттердин жашаган жери боюнча алып караганда шаардыктардын 13,6% *дайыма* деген жоопту тандашса, айылдыктардын 15,5% тандашты. Ал эми *кээде* деген жоопту шаардыктардын 71,0% белгилесе, айылдыктардын 68,4% белгилешти. Мындагы шаардыктардын пайыздык үлүшү жогору болгондугунун себеби катары шаардык респонденттерде шаар жашоосунун темпи, ар түрдүү саясий окуялардын болушу жана ошондой эле өздөрүндөгү ички психологиялык абалдын дагы таасири болушу мүмкүн. Айылдык респонденттер шаардыктарга караганда жашоодо диалогго ачык, жардамдашууга даяр, туугандык байланыштын бекемдиги сыяктуу тиричиликтик алаксытуулар көп болгондугу үчүн азыраак психологиялык абалдарды жашайт деген чечимге келе алабыз.

*Эч качан* күнүмдүк иштерге алымсынбоо, туталанып жүрүү абалы болбой деп шаардыктардын 15,4% билдирсе, айылдыктардын 16,2% билдирди.

Жалпы жонунан, бардык жоопордо тең: шаардыктарда дагы, айылдыктарда дагы кескин айырмаланган пайыздык катыш жок, тактап айтканда, 2-3%дык айырма гана бар. Бул ааламдашуу шартынын дүйнөнүн бардык булуң-бурчуна оң жана терс таасири тегиз тийип жатканын билүүгө болот.

Турмуштун өтө оордугун сезүү жалпы респонденттердин 20,0% *дайыма* болсо, **65,6%** *кээде,* ал эми 14,4% *эч качан* болбойт. Ушул суроону жаш курагы боюнча алып караганда турмуштун өтө оордугу *дайыма* сезилерин бардык жаш куректагылардын 5/1 белгилешти. *Кээде* деген жоопту эң жогорку көрсөткүчтө (72,0%) 50-59 жаш куректагы респонденттер билдиришти. Ал эми башка жаш куректагы респонденттердин пайыздык үлүшү 65% тегерегинде. Турмуштун оордугу *эч качан* сезилбейт деген жоопту тандагандардын ичинен дагы эле эң аз пайыздык үлүштө 50-59 жаштагылар (10,3%) экенин билинди. Калган куректагыларда эч качан деген жообу 15-16% арасында өзгөрүп турат.

Жалгыздык сезими жалпы респонденттердин 11,1% *дайыма* болуп турат, 44,8% *кээде* болуп турса, 44,0% *эч качан* болбойт. Жалгыздык сезимин *дайыма* жашаган респонденттердеги жогорку көрсөткүчү Талас (11,8%), Ош (12,2%), Чүй (16,%) областтарында жана Бишкек (12,2%) шаарында кездешти. Ал эми жаш курагы боюнча алып караганда жалгыздык сезимин *дайыма* 60 жаштан жогорку жаш куректагылар көбүрөөк сезишет (16,2%), андан кийинки орунда 50-59 (12,5%) жана 30-39 жаш куректагы (12,6%) респонденттер турса, 9,6% 18-29 жаш куректагылар жана 8,8% 40-49 жаштагылар жалгыздык сезимин баштарынан өткөрүп турат.

Респонденттердин дээрлик жарымына жакыны жалгыздык сезимин *кээде* сезип турарын бардык жаш куректагылар белгилешсе (41-47%), ошол эле учурда *эч качан* жалгыздык сезими билинбейт деген жоопту дагы респонденттердин бардык куректагыларынын жарымына жакыны (42-47%) белгилешти. Жынысы боюнча карасак, аялдардын 12,1% жалгыздык сезимин дайыма сезерин билдиришсе, эркектер 10,2% түздү. *Кээде* деген жоопту аялдардын 44,2% тандаса, эркектердин 45,5% тандады. *Эч качан* жалгыздык сезими билинбейт деген эркектер 44,3% түзсө, аялдардын 43,7% түздү. Жалгыздык сезими *дайыма* 60 жаштан жогоркуларда көбүрөөк кездешиши (башка жаш куректагыларга салыштырмалуу) нормалдуу көрүнүш. Себеби бул куректагыларда өзү теңдүү курбалдаштарынын санынын азайышы, карьералык өсүштүн токтошу, кесиптик ишмердүүлүктүн аяктоо жана пенсиялык жашоого өтүүсү менен шартталат.

Инсандын жашоосунда *мени эч ким кызыктырбайт* деген кайдыгерлик маанай кандайдыр бир деңгээлде болуп туруучу процесс. Инсандагы бул абалдын пайда болушунун себеби коомдогу үзгүлтүксүз социалдык, саясий, экономикалык жана маданий баш аламандыктар менен бирге инсандын өзүндөгү (жан дүйнөсүндөгү келишпестик) карама-каршылыктар десек болот.

Мени *дайыма* эч ким кызыктырбайт деген жоопту жалпы респонденттердин 9,0% тандашты, *кээде* кызыктырбайт дегендер 44,1% болсо, *эч качан, тескерисинче кызыктырат* деген респонденттер 46,8% түздү.

Кайдыгерлик сезими кыргыз коомунда аз да болсо бар экендиги билинди. Билим деңгээли боюнча алып караганда жогорку көрсөткүчтөгү *дайыма эч ким мени кызыктырбайт* деген пессимисттик жооп бүтпөгөн жогорку билимдүү (10,7%) менен бүтпөгөн орто билимдүүлөрдө 10,1% түздү.

Аймактар боюнча алып караганда Ош (10,3%) жана Жалал-Абад (12,3%) областарында, Бишкек (10,9%) жана Ош (15,0%) шаарларында жогорку көрсөткүчтө пессимисттик маанай бар экендиги байкалды.

Оюмдагыны эч кимге айта албайм деген социалдык-психологиялык жеке абалын аныктаган дагы бир суроо респонденттерге берилди. Мында жалпы респонденттердин 12,9% *дайыма* деп жооп берсе, 60,0% *кээде* деген жоопту тандашты. Ал эми 27,0% *эч качан,* башкача айтканда оюмдагыны коомчулукка дайыма ачык айта алам деп билдиришти. Аймактар боюнча алып караганда оюн эч кимге айта албай, ички пси-

хологиялык чыңалууну жашаган респонденттер Талас (11,8%), Ош (13,5), Жалал-Абад (12,0%), Баткен (13,8%), Чүй (15,4%) областтары жана Бишкек (14,9%), Ош (17,0%) шаарларында кездешти. Ушул эле суроого *эч качан*, тескерисинче оюмдагыны коомчулукка жашырбай ачык айта алам деген башка аймактардан кескин айырмаланган жооп Талас (48,7%) областында болду.

Инсандын социалдашуусу аны курчап турган чөйрө менен карым-катышта болушу менен башталат. Туугандык, жоро-жолдоштук, кесиптештик жакын мамилелер кандайдыр бир деңгээлде жакындыкты, биримдикти жана иденттүүлүктү түзөт. Иденттүүлүк карама-каршылыктуу мамилени талап кылгандыктан, ортодогу ымала бекем болот дагы дайыма бири-бирине муктаждыкты жаратат.

Респонденттерден канчалык деңгээлде жакын адамдардын, кесиптештердин колдоосуна муктаждык экендигин сураганыбызда 23,1% *дайыма* муктаж экендигин билдирсе, 62,9% *кээде* муктаж болуп каларын билдиришти. Ал эми 14,0% *эч качан* жакын адамдардын, кесиптештердин колдоосуна муктаж эместигин айтышты.

Ушул суроону респонденттердин жаш курагы боюнча алып караганда 60 жаштан жогорку жаш куරактагылардын 4/1 *дайыма* деген жоопту тандашты жана бул көрсөткүч жаш курактары боюнча эң жогорку көрсөткүч. Калган жаш курактагыларда жакындардын, кесиптештердин колдоосуна муктаждык 21-25% арасында өзгөрөт. Ал эми *кээде* деген жоопту дагы дээрлик жарымынан көбү тандашты. Демек кыргыз коомунда социалдашуу, мамиле түзүү, иденттешүү процесси актуалдуулугун жогото элек десек болот.

Билим деңгээли боюнча алып карасак, *дайыма* жакындардын, кесиптештердин колдоосуна муктаждык бүтпөгөн орто билимдүүлөрдө 30,4% түздү жана бул көрсөткүч билим деңгээлиндеги эң жогорку көрсөткүч.

**Жыйынтыктап айтканда,** Кыргызстандагы социалдык, экономикалык, саясий, маданий ж.б. процесстер дагы эле өткөөл мезгилин жашап жатканы билинди. Респонденттердин айрым көрсөткүчтөр боюнча берген жоопторунан курч социалдык маселелердин негизинде жаралган психологиялык чыңалууну байкоого болот. Мисалы, күнүмдүк турмуш-тиричиликтеги оорчулукту жеңе албагандык, күнүмдүк иштерге туталанып алымсынбоо, турмуштун өтө оордугун сезүү, жакын адамдардын колдоосуна муктаждык ж.б. сезимдери менен алар иденттешет жана өлкөнүн дагы бир жолу оор абалда экенин билдирет. Себеби жогоруда аталган категориялардагы *«кээде»* сезилет деген пайыздык үлүштөр дагы жогорку көрсөткүчтө экени байкалды. Ошол эле учурда кыргыз элинин менталитетине таандык «шүгүрчүлүк синдромунун» күчтүү таасири билинди. Моралдык жана материалдык жактан кыйналып жатышса дагы «абалды» мындан ары жакшыртуунун жолдорун издөөнүн ордуна ушул калыптагы абалда тура берүүгө даяр экендиги өкүндүрөт. Көпчүлүк респонденттер «нейтралдуу» жоопту тандашты. Нейтралдуу жоoптун артында негативдүү маанайды байкоого болот.

Демек, жамааттык иденттүүлүктү бекем кармаган кыргыз коомунда ааламдашуунун таасиринен уламбы айтор, социалдык-психологиялык абалды позитивдүү деп айтуудан алыспыз. Ошол эле учурда негативдүү маанайдагы коом деп бүтүм чыгарууга дагы эртелик кылат. Себеби өлкө чейрек кылымдан бери эгемендүүлүктө жашаганы менен экономикалык жана саясий жактан күчтүү державаларга көз каранды бойдон калууда. Бул көз карандылык кыргыз коомунун социалдык-психологиялык абалына түздөн-түз кедергисин тийгизип келет.

**Сунуштар:**

Кыргыз коомундагы социалдык иденттүүлүктүн түпкү маңызы – инсанга социалдык мамилелердин алып жүрүүчүсү иретинде коом мейкиндигинин «алтын казык» жылдызы сымал ээлеген ордун аныктоого мүмкүнчүлүк берип, кыймыл-аракеттеринин жол-жобосун, бүтүндөй жашоо стратегиясынын багытын шарттагында камтылган. Андыктан, социалдык иденттүүлүктү изилдөө «инсан-коом» моделиндеги өзгөрүүлөрдү, өзгөчө өткөөл шарттарда орун алган социалдык мамилелерди, коомдогу ар кыл топтордун кимдигин терең талдоого кеңири мүмкүнчүлүктөрдү ачат [7.61.]. Демек маданияттуу коомду түзүүдө социалдык мамилелердин маданияттуу түрдө аткарылышы шарт. Социалдашуунун туура багыттарын коомдук этикет катары иштелип чыгуусу абзел. Изилдөөнүн жыйынтыгына таянып, төмөнкүдөй сунуштар берилди:

- Ар бир жаш куракка карата, жашаган аймагына карата туура социалдашуунун түрлөрүн иштеп чыгуу;
- Ар бир жаран жеке жашоосунда, коомдун алдында, мекендин алдында милдет жана укук маселелерин жакшы өздөштүрүшү зарыл;
- Жеке жана жалпы жоопкерчилик сезимин ойготуу үчүн ар түрдүү психологиялык кеңеш-көмөк көрсөтүү иш-чараларын жүргүзүү;
- Мамлекет тарабынан социалдык абалды чыңдоочу программаларды иштеп чыгуу ж.б.у.с.

***Адабияттар***


1. *Marcia, J. E., (1966) Development and validation of ego identity status // Journal of Personality and Social Psychology 3.*
2. *Касьянова К. (2003) О русском национальном характере. - М.: Академический Проект; Екатеринбург: Деловая книга.*
3. *Новейший философский словарь (2001) Мн.: Интерпрессервис; Книжный Дом.*
4. *Рикер П. Повествовательная идентичность. - http://royallib.com/book/riker_p/povestvovatelnaya_identichnost.html – маалымат алуу убактысы – 15.05.2015*
5. *Сыргабаев, С. Социалдык иденттүүлүк: табияты жана социалдык-психологиялык түркүктөрү // китепте: Кыргызстандыктардын иденттүүлүгүн аныктоо боюнча талдоо: Кыргызстандын түштүк аймагынын мисалында. Бишкек, 2015.*
6. *Шульгина Д.Н. Глобализация и культурная идентичность. [Текст]: Дисс. ...канд. философ. наук: 09.00.11. Воронеж, 2010.*
7. *Эриксон Э. Идентичность: юность и кризис. -М., 1996.*